ВЕСТНИК
ЖАРЧЫСЫ
BULLETIN

II БӨЛҮК АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫ

II ЧАСТЬ СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК

# ВЕСТНИК
## КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА имени И.АРАБАЕВА

PART II SPECIAL ISSUE

# BULLETIN
## KYRGYZ STATE UNIVERSITY NAMED AFTER I. ARABAEV

«Ааламдашуу процесстеринин шартында
билим берүү системасын модернизациялоо»
ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК
КОНФЕРЕНЦИЯСЫ
МЕЖДУНАРОДНАЯ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКАЯ
КОНФЕРЕНЦИЯ
«Модернизация системы образования
в условиях глобализационных процессов»
INTERNATIONAL SCIENTIFIC AND PRACTICAL
CONFERENCE
«Modernization of educational
system in context of globalization»

ISSN 1694-7851

2019

УДК: 371

***Шамырканова Н. Б.,*** *И. Арабаев ат. КМУ, Бишкек, Кыргызст*

## ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ЭКСПЕРИМЕНТТИН ЖЫЙЫНТЫГЫ

***Аннотация:*** Макалада башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча ишт көндүмдөрүнүн деңгээлин аныктоо боюнча тажрыйбалык-эксперименталдык ишт жүрүшүнүн жыйынтыгы тууралуу маалыматтар берилип, эксперименталдык класст окуучуларынын предметке карата мамилесинин калыптануу деңгээли баштагыга караган өзгөргөнү, мындын биз тараптан аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыр аркылуу өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрө алдык деген жыйынтык чыгарса болор белгиленди.

***Негизги сөздөр:*** эксперимент, эксперименталдык класс, текшерүүчү класс, алдынча иштөө, башталгыч класстын окуучулары, педагогикалык шарттар, уюштуруу.

***Шамырканова Н. Б.,*** *КГУ им. И. Арабаева, Бишкек, Кыргызст*

## ИТОГИ ФОРМИРУЮЩЕГО ЭКСПЕРИМЕНТА ПО ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ УЧЕНИКОВ

***Аннотация:*** В статье дается информация об итоге опытно-эксперименталь работы по определению уровня навыка самостоятельной работы младших школьнико Также отмечено изменение уровня сформированности отношения ученик экспериментального класса к предмету, которое можно наблюдать приопределении уров самостоятельности и достижений учеников экспериментальной и контрольной классо Сделан вывод, что через реализацию определенных педгогических условий, возмож развитие навыков самостоятельной работы.

***Ключевые слова:*** эксперимент, экспериментальный, контрольный, клас самостоятельная работа, ученики младших классов, педагогические условия, организация.

***Shamyrkanova N. B.,*** *I. Arabaev KSU, Bishkek, Kyrgyzst*

## THE RESULTS OF THE FORMATIVE EXPERIMENT ON THE ORGANIZATION OF INDEPENDENT WORK OF STUDENTS

***Annotation:*** The article provides information about the outcome of experimental work determine the level of independent work skills of younger schoolchildren. The level of formatic of the attitude of the students of the experimental class to the subject has changed compared

Эксперименттин калыптандыруу этабын өткөрүүдөн кийин биз тараптан иштелип чыккан педагогикалык шарттар аркылуу окуучулардын өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча өткөрүлгөн иштин эффективдүүлүгүн ачууга багытталган изилдөө жүргүзүлгөн.

Берилген эксперименттин максаты – башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүнүн деңгээлин кайталап ачып берүү.

Контролдук этапта констатациялык этапта колдонулган методикалар колдонулган.

1. Г.Н. Казанцеванын «Предметке болгон кызыгууну изилдөө» аттуу комплекстүү модифицирленген методикасы.

Максаты: окуучулардын предметке болгон мамилесин ачып берүү жана текшерүүчү класс менен салыштырмалуу өз алдынчалыктын деңгээлин аныктоо.

Окуучулардын предметке карата мамилесинин калыштануу деңгээлинин жыйынтыгын аныктоо үчүн эксперименталдык иштин соңунда дагы бир жолу сурамжылоонун бланкасын толтуруу сунушталган. Эксперименталдык класстын окуучуларынын предметке карата мамилесинин калыптануу деңгээли баштагыга караганда өзгөргөн. Маалыматтар төмөнкү түрдө көрүнөт: окуучулардын предметке карата мамилесинин орточо деңгээлине – 49,7% (кыргыз тилинен), 40,4% (математикадан), 50,27% (мекен таануудан); жогорку деңгээлине 21,9% (кыргыз тилинен), 20,8% (математикадан), 24,6%, (мекен таануудан); төмөнкү деңгээлине 28,4% (кыргыз тилинен), 38,8% (математикадан), 25,13% (мекен таануудан); ээ болгон (1-таблица).

**Таблица 1. Окуучулардын предметтерге болгон мамилесин аныктоонун жыйынтыктары.**

| | | **Кыргыз тили** | | **Математика** | | **Мекен таануу** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **ЭК (башт.)** | **ЭК (аягы)** | **ЭК (башт.)** | **ЭК (аягы)** | **ЭК (башт.)** | **ЭК (аягы)** |
| **Төмөнкү деңгээл** | саны | 64 | 52 | 85 | 71 | 66 | 46 |
| | % | 35% | 28,4% | 46,5% | 38,8% | 36% | 25,13% |
| **Ортоңку деңгээл** | саны | 82 | 91 | 69 | 74 | 81 | 92 |
| | % | 44,8% | 49,7% | 37,7% | 40,4% | 44,3% | 50,27% |
| **Жогорку деңгээл** | саны | 37 | 40 | 29 | 38 | 36 | 45 |
| | % | 20,2 | 21,9% | 15,8% | 20,8% | 19,7% | 24,6% |

Таблицада көрүнүп тургандай баштагыга караганда көптөгөн окуучулардын «Кыргыз тил», «Математика», «Мекен таануу» предметтерине болгон кызыгуу мамилесинин деңгээли жогорулаган. Мунун негизинде предметтер кызыктуу, жеңил өздөштүрүлөт, ой-жүгүртүүгө түрткү берет, мугалим жеткиликтүү түшүндүрөт деп жыйынтык жасоого болот.




**1-сүрөт. Окуучулардын предметтерге болгон мамилесин аныктоонун жыйынтыктары**


Эксперименталдык шартта окуучулардын предметке карата мамилесинин баштапкы жана жыйынтыктоочу деңгээлдерин салыштырууну гана эмес, о.э. эксперименталдык класстын окуучуларынын предметке карата кызыгуусунун деңгээлин текшерүүчү класстын предметке карата кызыгуусунун деңгээли менен салыштырууну көрсөтүү да маанилүү. Маалыматтарды математикалык иштеп чыгуу текшерүүчү класстын окуучуларында предметке карата кызыгуунун жогорку деңгээлин 19,6% (кыргыз тилинен), 16,85% (математикадан), 22,3%, (мекен таануудан); төмөнкү деңгээлди 29,32% (кыргыз тилинен) 44,02% (математикадан) 32,06%% (мекен таануудан); орточо деңгээлди 51,08% (кыргыз тилинен), 39,13% (математикадан), 45,64% (мекен таануудан) көрсөткөн.

Эксперименталдык жана текшерүүчү класстардын предметке карата мамилесин аныктоонун салыштырмалуу жыйынтыктары 5-таблицада берилди.

**Таблица 2. – Окуучулардын предметке болгон мамилесин аныктоонун жыйынтыктары**

| Деңгээлдер | Кыргыз тили | | Математика | | Мекен таануу | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *ЭК* | *ТК* | *ЭК* | *ТК* | *ЭК* | *ТК* |
| **Төмөнкү деңгээл** | 52 | 54 | 71 | 81 | 46 | 59 |
| | 28,4 | 29,32 | 38,8 | 44,02 | 25,13 | 32,06 |
| **Ортоңку деңгээл** | 91 | 94 | 74 | 72 | 92 | 84 |
| | 49,7 | 51,08 | 40,4 | 39,13 | 50,27 | 45,64 |
| **Жогорку деңгээл** | 40 | 36 | 38 | 31 | 45 | 41 |
| | 21,9 | 19,6 | 20,8 | 16,85 | 24,6 | 22,3 |

Таблицада көрсөтүлгөн жыйынтыктар төмөнкү гистограммада чагылдырылды.




**2-сүрөт. Эксперименталдык жана текшерүүчү класстардын жыйынтыктарынын салыштырмасы.**

текшерүүчү класстардын окуучуларынын өз алдынчалыгынын аны менен бирге жетишкендиктеринин деңгээлин аныктоо (3-4-таблица).

**Таблица 3. – Окуучулардын өз алдынча иштөөгө карата мамилесин аныктоо (эксперименталдык класс)**

| **Деңгээлдер** | **эксперименталдык класс** | |
|---|---|---|
| | *Башталышы* | *Аягы* |
| **Төмөнкү деңгээл** | 32,35 | 23,94 |
| **Ортоңку деңгээл** | 49,18 | 50,38 |
| **Жогорку деңгээл** | 18,47 | 25,68 |

**Таблица 4. – Окуучулардын өз алдынча иштөөгө карата мамилесин аныктоо (эксперименталдык жана текшерүүчү класстар)**

| **Деңгээлдер** | *жыйынтыктарынын салыштырмасы* | |
|---|---|---|
| | *ЭК* | *ТК* |
| **Төмөнкү деңгээл** | 23,94 | 30,22 |
| **Ортоңку деңгээл** | 50,38 | 49,67 |
| **Жогорку деңгээл** | 25,68 | 20,11 |

Таблицаларда көрсөтүлгөндөй, эксперименталдык класста өз алдынча иштөөгө карата мамилесинин өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли маанилүү түрдө басымдуулук кылат жана өз алдынча иштөө көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнүн төмөн деңгээли менен окуучулардын бир кыйла аз проценти саналат.

Натыйжада, изилдөөнүн методдорунун жыйындысы өткөргөн эксперименталдык иштин натыйжасын далилдеди. Бул эксперименталдык класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөгө карата мамилесинин баштапкы жана жыйынтыктоочу деңгээлдерин салыштыруудан жана ошондой эле, эксперименталдык класстардын жана текшерүүчү класстардын окуучуларынын өз алдынча иштөөгө карата мамилесинин жыйынтыктоочу деңгээлдерин салыштыруудан көрүнөт.

**3. Ата-энелердин балдарынын өз алдынча иштөөсүнүн түрлөрүн аныктоо боюнча анкета жүргүзүү методикасы.**

**Максаты:** эксперименталдык класстардагы окуучулардан калыптандыруучу эксперимент өткөрүлгөндөн кийин өз алдынча иштөөсүнүн түрлөрүнүн деңгээлин аныктоо.

Эксперименталдык класстагы окуучулардын ата-энелерине, алардын балдары үйдө өз алдынча эмне кылышат жана эске салуусуз кандай тапшырмаларды аткарарын билүү үчүн иштин соңунда дагы бир ирет анкета сунушталган (5-таблица).

**Таблица 5. Ата-энелердин балдарынын өз алдынча иштөөсүнүн түрлөрүн аныктоо боюнча анкетирлөөнүн жыйынтыктары (эксперименттен кийин % менен)**

| **Деңгээлдер** | *Анкетирлөөнүн жыйынтыктары* | |
|---|---|---|
| | *Башталышы* | *Аягы* |
| **Төмөнкү деңгээл** | 50,5 | 32,48 |




**3-сүрөт. Балдардын өз алдынча иштөөсүнүн түрлөрүн аныктоо боюнча ата-энелерди анкета жүргүзүүнүн жыйынтыктары.**

Жыйынтыктарды анализдөө көрсөткөндөй констатациялык этапта өз алдынча иштөөнүн орточо деңгээли басымдуулук кылса, ал эми эксперимент өткөрүлгөндөн кийин өз алдынча иштөөнүн жогорку деңгээли басымдуулук кылды.

*Жогорку деңгээл* – 35,04% окуучу үй тапшырмаларын улуулардын жардамысыз аткарышат; «Кыргыз тили», «Математика», «Мекен таануу» боюнча кошумча адабият окушат; үй тапшырмаларын аткарышат; спорт секцияларына жана кружокторго кызыгуу менен катышышат.

*Орточо деңгээл* – 32,48% окуучу кыргыз тили боюнча көнүгүүлөрдү өз алдынча аткарышат; ырларды жатташат жана адабият боюнча аңгемелерди айтып беришет; математика боюнча мисалдарды жана маселелерди чечишет; сабактар боюнча тапшырмаларды аткарууда кыйналышат, улуулардын жетекчилиги астында аткарышат.

*Төмөнкү деңгээл* – 32,48% окуучу үй тапшырманы, үйдө берген жумуштарды эске салуу менен жана түздөн-түз жетекчилик астында кыйынчылык менен аткарышат.

Окуучулар маанилүү жыйынтыктарга жетишишкен. Өз алдынча үй тапшырмаларын, үй жумуштарын аткарып калышкан, айлана-чөйрөгө кызыга башташкан.

Демек, эксперименталдык иштин башында окуучулар өз алдынча иштөөгө даяр болгон эмес деп айтууга болот. Калыптандыруучу эксперименттен кийин, биз тараптан аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруу аркылуу өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрө алдык деген жыйынтык чыгарса болот.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**


1. Мамбетакунов Э. Методология и качество педагогических исследований. – Бишкек, 2006. – 107 с.
2. Корольков Б. Е. Организация учебного процесса на уроках математики при повышении роли самостоятельной работы учащихся: автореф. дис. на соиск. уч. степ. канд. пед. наук. – М., 1992. – 16 с.
3. Белкин Е. Л. Педагогические основы организации самостоятельной работы студентов в вузе. – Орел, 1989. – 65 с.
4. Бикбаева Н. У. Об обучении математике младших школьников с учетом дифференцированного подхода к детям. В кн.: Совершенствование содержания и методики начального образования. – М.: Педагогика, 1977.


**Рецензент:** *д.п.н., проф. Калдыбаева А.*

ТИЛДИК ЭМЕС АДИСТИКТЕРДЕГИ СТУДЕНТТЕРГЕ
АНГЛИС ТИЛИН УЙРӨТҮҮ ПРОЦЕССИ ........ 164
ПРОЦЕСС ОБУЧЕНИЯ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ В НЕЯЗЫКОВЫХ ВУЗАХ ........ 164
THE EDUCATIONAL PROCESS IN LEARNING OFENGLISH LANGUAGE IN NON-LINGUISTIC INSTITUTIONES ........ 165

*Шамырканова Н. Б.*
ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ЭКСПЕРИМЕНТТИН ЖЫЙЫНТЫГЫ ........ 168
ИТОГИ ФОРМИРУЮЩЕГО ЭКСПЕРИМЕНТА ПО ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ УЧЕНИКОВ ........ 168
THE RESULTS OF THE FORMATIVE EXPERIMENT ON THE ORGANIZATION OF INDEPENDENT WORK OF STUDENTS ........ 168

*Шабданова М. Ж.*
ОКУРМАН МЕНЕН ИШТӨӨДӨ КИТЕПКАНАЧЫНЫН РОЛУ ЖАНА ТААСИРИ ........ 173
РОЛЬ И ВЛИЯНИЕ БИБЛИОТЕКАРЯ ПРИ ОБЩЕНИИ С ЧИТАТЕЛЕМ ........ 173
THE ROLE AND INFLUENCE OF THE LIBRARIAN IN GAINING KNOWLEDGE ........ 173

*Шаршеева М. О.*
ТИЛДИК ЭМЕС АДИСТИКТЕРДЕГИ СТУДЕНТТЕРГЕ АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА ШЫКТАНДЫРУУНУ КАЛЫПТАНДЫРУУ ........ 178
ФОРМИРОВАНИЕ МОТИВАЦИИ У СТУДЕНТОВ НЕЯЗЫКОВОГО ВУЗА ПРИ ОБУЧЕНИИ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ ........ 178
FORMATION OF MOTIVATION OF NON-LINGUISTIC STUDENTS IN TEACHING ENGLISH LANGUAGE ........ 178

*Шаршеева М. О.*
ТИЛДИК ЭМЕС АДИСТИКТЕРДЕГИ СТУДЕНТТЕРДИ КОММУНИКАТИВДИК УСУЛДУ ПАЙДАЛАНУУ МЕНЕН АНГЛИС ТИЛИН ГРАММАТИКАЛЫК ӨНҮТТӨ ОКУТУУ ........ 181
ОБУЧЕНИЕ СТУДЕНТОВ НЕЯЗЫКОВЫХ ВУЗОВ ГРАММАТИЧЕСКОМУ АСПЕКТУ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ КОММУНИКАТИВНОЙ МЕТОДИКИ ........ 181
TEACHING STUDENTS OF NON-LINGUISTIC UNIVERSITIES GRAMMAR ASPECTS USING WITH COMMUNICATIVE METHODS ........ 181

*Шопокова К. Ш.*
ЧЕТ ТИЛДЕРИН ҮЙРӨТҮҮНҮН ЫКМАСЫ ЖАНА ТЕОРИЯСЫ ........ 184
ТЕОРИЯ И МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЯ ИНОСТРАННЫХ ЯЗЫКОВ ........ 184
THEORY AND METHODS OF TEACHING FOREIGN LANGUAGES ........ 184